| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ<br>ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР<br>МИНИСТРЛИГИ<br>«Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК<br>УНИВЕРСИТЕТИ» ИЛИМИЙ-БИЛИМ<br>БЕРҮҮ ӨНДҮРҮШТҮК<br>КОМПЛЕКСИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>МИНИСТЕРСТВО НАУКИ, ВЫСШЕГО<br>ОБРАЗОВАНИЯ И ИННОВАЦИЙ<br>НАУЧНО- ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫЙ<br>ПРОИЗВОДСТВЕННЫЙ КОМПЛЕКС<br>«ДЖАЛАЛ-АБАДСКИЙ<br>ГОСУДАРСТВЕННЫЙ<br>УНИВЕРСИТЕТ ИМЕНИ<br>Б.ОСМОНОВА» |

# БУЙРУК

8.12.2025-ж №512

Манас шаары

## 2025-2026-окуу жылынын кышкы экзамендик сессиясына даярдануу жөнүндө

2025-2026-окуу жылынын кышкы экзамендик сессиясына даярдануу жана ийгиликтүү аяктоо максатында төмөнкү түзүмдүн, бөлүмдөрдүн башчыларына көрсөтүлгөн милдеттер жүктөлсүн:

**Кафедра, ПЦК башчыларына**:

1.1. Кафедранын, ПЦК жыйынында кафедранын жарым жылдык иштерин кароо;

1.2. Кафедрага, ПЦКга бекитилген предметтер боюнча модулдардын жыйынтыгы, студенттердин жетишүүсү анализдеп, модулдун жана «Окуу процессин окутуунун кредиттик технологияларынын (ECTS) негизинде уюштуруу жөнүндөгү” жоболорго ылайык модулдарын тапшырбаган студенттер боюнча маалыматтарды тиешелүү дирекцияларга сессия башталганга чейин берүү;

1.3. Окутуучулардын жекече иш пландарын, кафедралык жана электрондук журналдарын эрежеге ылайык толтурулсун, жабылып, бөлүнгөн саат жүктөмдөрүнө дал келишин текшерүү. Саат жүктөмдөрүнүн аткарылышын студенттердин кыймылына жараша бекитүү;

1.4. Бекитилген предметтер боюнча тесттик суроолорду AVNге жүктөө;

1.5. Предметтер боюнча экзамендин суроолорун атайын доскаларга илүү;

1.6. Кафедранын, ПЦКнын жарым жылдык отчетун институттун директоратына **15.01.2025** чейин берүү;

**Институт, колледждердин директорлоруна**:

2.1. Экзамендик сессиянын жадыбалын академиялык календарга ылайык түзүп, өз убагында бекитүү;

2.2. Модулдун жарым жылдык анализин бакалавриат үчүн **17.01.2025**, магистра үчүн **14.02.2025** чейин ОБга тапшыруу;

2.3. Сессияга киргизүү кабыл алынган “Студенттердин жетишүүсүн жана билим сапатын баалоочу модулдук-рейтингдик системасынын жобосу” жана “Окуу процессин окутуунун кредиттик технологияларынын (ECTS) негизинде уюштуруу жөнүндөгү” жобосуна ылайык жүргүзүлүүсүн жана институттун деңгээлинде тескеме чыгаруу;

2.4. Жүйөлүү себептер менен экинчи модулду тапшырбай калган студенттердин тастыктоочу документтери менен жобого ылайык 2-модулду тапшыруусун, андан кийин сессияны тапшырууга институт, колледждердин директорлору тарабынан уруксат берүү;

2.5. Сессиянын жыйынтыгы менен жетишпеген студенттерди жобого ылайык жайкы семестрге калтыруу;

2.6. Академиялык айырмачылыктарга график түзүп өз убагында тапшыруу боюнча ишти жүргүзүү;

2.7. Сессиянын жыйынтыгын (Форма 34) сессия бүткөндөн кийинки **үч күн** аралыгында дирекция тарабынан AVN боюнча анализ жасалып ОБга тапшыруу;
2.8. Институт, колледждерде сессиянын жүрүшүн көзөмөлдөөчү коомдук комиссияны түзүү;
2.9. Экзамендер AVN порталында, жадыбалда көрсөтүлгөн убакытта, бекитилген аудиторияларда, экзаменатор жана ассистенти менен бирге жүргүзүлүүсүн көзөмөлдөө;
2.10. Жагымсыз жагдайларга каршы күрөшүүнү бекитилген иш план менен жүргүзүү;
2.11. Институт, колледждерде сессиянын жүрүшү боюнча пикирлерди билдирүү үчүн ишеним почталарды (ящиктер), ишеним телефондорду (0551191302, 0772453696, 0772350087 жана директордун телефонун) окуу имараттарынын көрүнүктүү жерлерине илүү;
2.12. Сессия учурунда институт, колледждердин кызматкерлери тарабынан атайын кезметти (графиги, журнал) уюштуруу, сессиянын жүрүшүн көзөмөлдөө;
2.13. Институт, колледждердин жарым жылдык отчету (практиканын жыйынтыктары кошо анализденип) окуу бөлүмүнүн кызматкерлеринин катышуусу менен институт, колледждин кеңешинде карап, атайын иштелип чыккан формада даярдап ОБга **14.02.2025** чейин тапшыруу:

**Окуу бөлүмүнө:**

3.1. Кышкы экзамендик сессияда студенттердин билимин ачык-айкын бааланышын көзөмөлдөө үчүн тажрыйбалуу окутуучулардан, активдүү студенттерден, жаштар комитетинин мүчөлүрүнөн турган коомдук комиссияларды түзүү, комиссиянын иш аракетинин планынын бекитилүүсүн жана комиссиянын иш-аракеттеринин жыйынтыгын административдик же Окумуштуулар кеңешине кароого берүү;
3.2. Кышкы сессиянын жүрүшү анализденип, Окумуштуулар кенешинде маалымат берүү.

**Негизи:** ОБнын башчысынын билдирүүсү, ректордун у.м.а. резолюциясы.

**Ректордун у.м.а.** **С.Ж.Куваков**

Макулдашылды
АРБУКБнын башчысы А.Т. Акматова

Көчүрмөсү анык

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА ЖАЛАЛ-АБАДСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ
КАДРЛАР БАШКАРМАЛЫГЫ
ИНН 00204199310021